***Термечикова Алтынкан Маматовна***

# БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМДЕРИНИН МКТ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА БААЛОО МЕТОДИКАСЫ

***Термечикова Алтынкан Маматовна***

# МЕТОДИКА ФОРМИРОВАНИЯ И ОЦЕНКИ ИКТ-КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

***Termechikova Altynkan Mamatovna***

# METHODOLOGY FOR THE FORMATION AND ASSESSMENT OF ICT COMPETENCE OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS

УДК 37.091.33

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч класстардын келечектеги мугалимдеринин маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана баалоо маселелери каралат. Максаты — МКТ компетенттүүлүгүнүн мазмунун, түзүмүн жана аны өнүктүрүү жолдорун аныктап, аны баалоонун эффективдүү методикасын иштеп чыгуу. МКТ көндүмдөрүн калыптандыруу принциптери, көндүмдөрү айтылган. Мамлекеттик стандартта сунуш кылынган маалыматтык –санариптик компетенттүүлүктү калыптандыруу, аны баалоо критериялары жөнүдө айтылды.*

***Аннотация****: В статье рассматриваются вопросы формирования и оценки компетентности будущих учителей начальных классов в области информационно-коммуникационных технологий (ИКТ). Цель исследования — определить содержание и структуру ИКТ-компетентности, разработать пути её формирования и эффективную методику оценки. Рассматриваются принципы формирования ИКТ-навыков и конкретные компетенции. Освещаются вопросы формирования и оценки информационно-цифровой компетентности в соответствии с государственными стандартами, а также критерии её оценки.*

***Abstract:*** *The article examines issues of forming and assessing the competence of future primary school teachers in the field of information and communication technologies (ICT). The purpose of the study is to determine the content and structure of ICT competence, to develop ways of its formation, and to create an effective assessment methodology. The principles of developing ICT skills and specific competencies are discussed. The article also addresses the formation and assessment of information and digital competence in accordance with state standards, as well as the criteria for its evaluation.*

***Түйүндүү сөздөр****: МКТ компетенттүүлүк, санариптештирүү, санариптик трансформациялоо, принциптер, калыптандыруу, баалоо методикасы*

**Ключевые слова:** *ИКТ-компетентность, цифровизация, цифровая трансформация, принципы, формирование, методика оценки*

***Keywords:*** *ICT competence, digitalization, digital transformation, principles, formation, assessment methodology*

**Киришүү**. Кыргызстандын билим берүү системасы бүгүнкү күндө санариптик трансформациянын шартында өнүгүп жатат. Бул процесс билим берүүнүн бардык деңгээлдерин — башталгыч билим берүүдөн жогорку билим берүүгө чейин камтыйт. Санариптештирүү билим берүүдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ), электрондук билим берүү ресурстарын, онлайн-платформаларды жана сервистерди

кеңири колдонууну шарттайт. Бул өз кезегинде окуу процессин ийкемдүү, жеткиликтүү жана натыйжалуу кылууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарты педагогдорго заманбап талаптарды коюуда. Алардын ичинде — санариптик инструменттерди өздөштүрүү жана аларды окуу-тарбия процессинде натыйжалуу пайдалануу. Акыркы иштелип чыккан мамлекеттик стандартта маалыматтык-санариптик компетенттүүлүк негизги компетенттүүлүктөрдүн бири катары көрсөтүлгөн. Маалыматтык-санариптик компетенттүүлүк – бул жеке инсандын интегративдик мүнөздөмөсү болуп, билим алуучунун санариптик технологияларды, маалыматтык ресурстарды жана медиаsны издөө, талдоо, иштетүү, түзүү, сунуштоо жана маалыматты жайылтуу үчүн, ошондой эле кесиптик, билим берүү жана жеке маселелерди санариптик чөйрөдө чечүүдө натыйжалуу колдоно билүү жөндөмүн жана даярдыгын чагылдырат [1].

Бүгүнкү күндө заманбап мугалимдер электрондук жана дистанттык технологияларды колдонуп окутууну уюштура билиши, окуучулардын окуу ишмердигин жекелештирүү жана дифференциациялоону камсыздоосу, алардын санариптик сабаттуулугун өнүктүрүүсү жана маалыматтык чөйрөдө коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандыруусу зарыл.

**Талкулоо.** Учурдагы өсүп келе жаткан муунга билим берүүдө мугалимдерге коюлган талаптардын күчөшү, бул жаш муундун талабын канааттандырган билимди традициялык жана заманбап ыкмаларды айкалыштыруу менен жеткирүүгө негизделет. Бул процессте өзгөчө орунду башталгыч класстардын мугалимдери ээлейт. Анткени алар окуучулардын билим алуу жана санариптик компетенциялардын пайдубалын түптөөчүлөр болуп саналат. Башталгыч класстардын мугалиминин МКТ компетенттүүлүк деңгээли окуу процессинин сапатына, балдардын таанып-билүү активдүүлүгүнүн жана чыгармачылык потенциалынын өнүгүшүнө, ошондой эле окуучулардын санариптик коомдо ийгиликтүү социалдашышына түздөн-түз таасир этет. Бирок педагогикалык практиканы талдоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, педагогикалык ЖОЖдордун студенттеринин МКТ боюнча даярдык деңгээли азыркы талаптарга ар дайым эле туура келбейт. Ошондуктан болочок башталгыч класстардын мугалимдеринин МКТ компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана баалоо методикасын иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыгууда. Бул алардын кесиптик даярдыгынын сапатын жогорулатуунун маанилүү шарты болуп саналат [2].

Демек, изилдөөнүн актуалдуулугу төмөнкүдөй факторлор менен шартталат:

- ✓ Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык болочоктогу мугалимдерди даярдоонун зарылдыгы;
- ✓ билим берүүнү санариптештирүү милдеттери;
- ✓ мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн негизги компоненти катары МКТ компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө болгон муктаждык;
- ✓ башталгыч класстардын окуучуларында санариптик маданиятты калыптандыруунун маанилүүлүгү.

Болочок башталгыч класстын мугалимдерин МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу зарыл. Ал үчүн билим берүү процессинде студенттерди: заманбап МКТ, билим берүүчү платформалар, санарип ресурстар боюнча билимге ээ кылуу; педагогикалык ишмердүүлүгүндө МКТны колдоно билүү; билим берүүнү санрип трансформациялоонун маанисин жеткирүү, технологияларды колдонууда натыйжалуулукка жетүүгө түрткү берүү керек.

Студенттердин МКТ компетенттүүлүгүн калыптандырууда төмөнкү **принциптерге** негиздөө талапка туура келет: **системалуулук, студенттерди даярдоонун баардык этаптарында МКТны колдонуу; санарип инструменттерди келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонуусуна басым жасоо; интерактивдүүлүккө, б.а. студенттердин долбоорлук, изилдөө, тайпалык ж.б. ишмердүүлүктөрүндө МКТны колдонууга түрткү болуу.**

**МКТ компетенттүүлүктү студенттерге калыптандыруунун ыкмалары:**

- **МКТ көндүмдөрүн калыптандыруучу предметтерди окуу планына киргизүү;**
- **лекция, практикалык, лабораториялык сабактарда МКТ каражаттарын, санарип технологияларды колдонуу;**
- **долбоордук ишмердүүлүктү калыптандыруу (электрондук ресурстарды, интерактивдүү тапшырмаларды, медиаконтентти ж.б. иштеп чыгуу;**
- **санарип сервистерди жана жасалма акылды колдонуу** (LearningApps, Wordwall, Kahoot, Google Workspace for Education, электрондук портфолио, Googlдун сервистери, электрондук билим берүүчү платформалар);
- Окутуу учурунда онлайн жана оффлайн платформаларын колдонуу;

Болочок башталгыч класстын мугалимдеринин МКТ көндүмдөрүн баалоодо ар түрдүү ыкмаларды колдонууга болот. Мен өз ишмердүүлүгүмдө анкетирлөө, атайын текшерүүчү тапшырмаларды берүү, окутуучулардын эксперттик баалосун уюштуруу, тестирлөө, педагогикалык практика учурунда сабактардын иштелмелеринде, сабак өтүүдө МКТ каражаттарын колдонуу деңгээлин аныктоо, электрондук партфолиясын баалоо сыяктуу критерийлердин негизинде иш алып бардым.

Төмөндө студенттердин МКТ көндүмдөрүн баалоо таблицасы сунушталды (Таблица 1.).

| Критерий | Баалоо көрсөткүчтөрү | Баалоо ыкмасы | Деңгээли |
|---|---|---|---|
| **Билим** | МКТнын негиздерин түшүнүү, программалык каржаттардын колдонулушун билүү | Тестирлөө, анкета | Жогорку / Орто / Төмөн |
| **Көндүм** | Электрондук материал түзүү, презентация даярдоо, интерактивдүү тапшырма, тесттик тапшырмаларды түзүү, практикага чыккан учурда окуучуларга чыгармачылык менен колдоно билүүсү; креативдүү тапшырмаларды түзө билүүсү; санарип технологияларды колдоно билүүсү;<br>МКТны башкаруу жана методикалык иштерде колдоно билүүсү; Электрондук журнал, маалыматтык системаларды түшүнө билүүсү; | Практикалык тапшырма, проект, АИСтерди колдонуу деңгээлин текшерүү; Электрондук портфолиосун карап чыгуу | Жогорку / Орто / Төмөн |

| Критерий | Баалоо көрсөткүчтөрү | Баалоо ыкмасы | Деңгээли |
|---|---|---|---|
| **Мотивация** | МКТны активдүү колдонуусу, жаңы технологияларды үйрөнүүгө кызыгуу, өз алдынча иштей билүүсү | Суроо-талдоо, интервью | Жогорку / Орто / Төмөн |
| **Интеграциялык көндүм** | МКТны предметтик билим менен айкалыштыра билүү, предметтин өзгөчөлүктөрүн эске ала билүүсү | Практикалык сабак, кейс-стади | Жогорку / Орто / Төмөн |
| **Ийкемдүүлүк** | Жаңы инструменттерди өз алдынча үйрөнүү жана колдонуусу | Портфолио, семинар, дискуссия | Жогорку / Орто / Төмөн |

Мында, критерийлер — баалоонун негизги багыттары; баалоо көрсөткүчтөрү — эмнени текшересиз; баалоо ыкмасы — кандай метод менен баалайсыз; деңгээли — жогорку, орто, төмөн.

Критерийлердин деңгээлин аныктоодо төмөнкү көрсөткүчтөрдү **0–40%** – төмөн, **41–70%** – орточо, **71–100%** – жогорку деңгээл деп колдонууга болот.

Болочок башталгыч класстын МКТ компетенттүүлүгүн жалпыланган мүнөздө карап жатабыз, ал стандарттагы сунуш кылынган компетенттүүлүктөргө негизделип, окутуу процессинде толук калыптанат. Студенттердин МКТ компетенттүүлүгүн калыптандыруучу түрдүү тапшырмалар берилет, тапшырмалар ар кандай байланышкан предметтерден алган билимдерин, көндүмдөрүн, ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыктарын камтуусу керек. Тапшырмалар практикага негизделип берилсе жакшы жыйынтыкка жете алабыз. Алынган билимди, ээ болгон көндүмдөрдү эксперттик баалоону колдонуу менен аныктоого жетише алабыз.

ЖАМУнун болочок башталгыч класстын бакалавр студенттерине окуу планындагы “Билим берүүдөгү МКТ”, “Мультимедиалык технологиялар” сабактарында МКТ компетенттүүлүгүнүн калыптануусунда жана аны баалоодо жогорудагы ыкмалар колдонулууда. Алгачкы билимди баалоодогу сурамжылоонун жыйынтыктары менен калыптануу процессиндеги жыйынтыктарды салыштырууда өзгөрүүлөр жана жакшы жыйынтыктардын бар экендиги байкалууда.

**Жыйынтыктоо**. Заман талабын канааттандырган болочок мугалимди даярдоодо билим берүү стандартындагы талаптарды аткарууга терең көңүл буруу зарыл. Мектептеги башталгыч класстын окуучулары бүгүнкү күндө мугалимден жаңычылдыкты, креативдүүлүктү, заманбап технологияларды билүүсүн талап кылат. Ошол эле учурда мугалим дагы мезгилдин талабына жараша өзгөрүп, билимин өркүндөтүп турушу керек. Альфа муунга сабакты жеткиликтүү кылуу үчүн мугалим сабагында өзгөчөлүктөрдү киргизүүсү зарыл, окутуунун сапаты ошондо гана жогорулайт [3].

МКТ-компетенттүүлүк – бул башталгыч класстардын болочок мугалимдерин даярдоонун эң маанилүү компоненттеринин бири болуп саналат. Аны калыптандыруу системалуу ыкманы талап кылат, ал теориялык билимди өздөштүрүү менен бирге практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнү камтыйт. Иштелип чыккан МКТ-компетенттүүлүктү калыптандыруу жана баалоо методикасы студенттердин педагогикалык ишмердүүлүгүндө санариптик технологияларды колдонууга даярдыгын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Колдонулган адабияттар


1. Государственный образовательный стандарт общего образования Кыргызской Республики, https://kutbilim.kg/ru/news/inner/171097/
2. Мугалимдердин МКТ-компетенттүүлүгүнүн түзүлүшү. ЮНЕСКОнун сунуштамалары, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000373743
3. *Башталгыч мектепте* санариптик технологиялардын жана салттык методдордун 8.04.25. интеграциясы. https://kutbilim.kg/analytics/inner/ bashtalgych-mektepte-sanariptik-tehnologiyalardyn-zhana-salttyk-metoddordun-integratsiyasy/